БМ-13 № 110 Максытова Жылдызкан Эркинбаевна

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Өзөн бойлоп, кубалашып ойногон, оюнга тойбогон балалык чагым айтылуу Ош областынын Карасуу районуна караштуу, Папан айыл өкмөтүнүн “Бөрү”айылын аралап, атыр жыттуу жели бетимди аймалап, кышкы аязы чымчылап, көлдөлөңдүү көк чөбүн тебелеп, айтоор кызыктуу, унутулгус болуп өттү. Көз жоосун алган көркөм арча-карагайы, көк мелжиген бийик аска-зоолору, кышы-жайы кары кетпеген, ак карлуу Олокон тоосу, айта берсең түгөнгүс не бир керемет, жаратылыш байлыктары менен курчалган. Таштан –ташка секирип, албууттанып аккан Ак-Буура дайрасы, шыңгыр добуштуу, шылдыр аккан булактары, көңүлүңдү ого бетер көтөрүп, шыгыма шык, күчүмө күч кошуп, дем бергенсийт.

Мен ошол эле өз айылымдын №90 Арзыбай Саипов атындагы орто мектебинде башталгыч класс мугалими болуп эмгектенип келем. Айыл жашоосу ары кызыктуу, ары татаал. Негизинен элибиз дыйканчылык жана мал чарбачылыгы менен алектенет. Ар кимдин туулган жери, өзүнө алтын. Мен киндик каным тамып, боорумду көтөрүп өсүп чыккан жерим менен сыймыктанам жана мактанам.

Кыш кечи. Ай жарык, түн узун. Ай тоо кыркаларынан өйдө көтөрүлүп кеткен, айыл аппак нурга бөлөнүп, жуп-жумшак жарыгын төгүп турат. Бир нерсе оюңа кылт этип, ошол нерсеге көзүң ачылганда, дилиң өзүнчө тазарып, чоң бир эмгек кылып койгондой, жаркын элестер пайда болот тура. Ошентип жаркын нурга калкып турган кезимде, бир ой кылт этти:зарыл иши болгон киши жолго чыгат, бул болуп , айтылып келген сөз. Менин бул зарыл ишке аттануумдун себеби, мектеп окуучуларынын арасындагы сөгүнүү адаттарына, бөгөт коюу. Барган сайын көбөйүп, бир ооруну денеге тараткан кан тамыр сыяктуу тарап, кеңири жайылып кетпесе. Тарбия-бул коомдук кубулуш. Коом өзгөрсө, тарбия да өзгөрүшү мүмкүн, бирок кантип?

Инсандын өнүгүү процессинин калыптанышына, комчулуктун өзүн-өзү башкарып, алдыга умтулуусуна албетте мектеп жана мугалим себепкер. Мугалим билим үрөнүн себүү, тарбия-таалим берүү менен камсыздаса, ал эми мектеп эшигин кенен ачып, кучак жая тосуп алат. Мугалим-билим берүүнүн негизги кыймылдаткыч күчү. Окуучу, берген билимди, тарбияны өзүнө туура сиңирип, мыкты үйрөнүүчү болуп, билим деңгээлин жогорулатып, жашоонун даңгыр жолуна тоскоолдуксуз, жаңылышпай баруу үчүн күч-аракетин жумшоо зарыл. Окуучу менен мугалимдин ортосунда , канчалык камкор мамиле болсо, турмушта ошончолук маанилүү таасирин тийгизбей койбойт.

Мен өзүм мугалим катары, өз ишимде көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болом. Айрыкча азыркы глобалдуу замандагы окуучулар менен иштөө, оңойчулукка турбайт. Бир класста ар түрдүү үй бүлөнүн балдары окушат, бирок, тилекке каршы ар биринин мүнөзү, кыял жоругу ар башка. Анын ичинде эң оор маселелердин бири-мектеп окуучуларынын арасында сөгүнүү адатынын жайылып бара жаткандыгы, мени аябай өкүндүрбөй койбойт. Баарынан биринчи максатым-билим берүү эле, бирок негедир окуучулар арасындагы, сөгүнүү, даттануу, ызырынуу сөздөрү басым жасап, мен кооптонуп, чочулай баштадым. Мына ушундай терс сапаттардан кантип чыгуунун жолун ойлоп, жок дегенде коомчулукка пайдасы тиер деген таризде, көптөгөн ой-санаалардын түбүнө түшүп чыктым.

Мугалим катары, мен мындай абалды кантип жөнгө салам? Эмне үчүн балдар сөгүнүшөт?-деген ой менен өзүмдүн жеке пикиримди, дил баяным аркылуу, баяндап берсем.

Күндөрдүн биринде, Аруузат аттуу окуучу кызым чуркап келип: эжеке, эжеке Айбек менен Максат урушуп, сөгүнүп жатышат , -деди энтиге:

Сөгүнүп дейсиңби?- бир чети таң калсам, бир чети аябай зээним кейиди, бир саамга ой талаасын айланып, кыдырып келгенсидим, бирок. . . аягына чыга албадым, убакыт кыска эле. Балдар келишти, бирок сөгүнүү эмне экенин, маани-маңызын түшүнбөгөн сыяктуу эле. Кийинки сабак башталып, сабак учурунда Асема : эжеке Тимур мени сөгүп жатат, -деп айтып калды, оюм онго, санаам санга бөлүнүп, ошол күнкү сабагым кандай бүткөнүн сезбедим. Болгондо да өзүмдүн классымдагы окуучулар! Мектеп-бул адамдарды сыйлоону, бири-бирине болгон мамилени туура көрсөтүүнү жана туура сүйлөшүүнү үйрөтүүчү коомдук жер. Бирок, эмне үчүн балдар мындай терс адаттарга барышат?-бул ар бир адамды ойлондурбай койбойт, жүрөк өйүгөн маселелердин бири. Андыктан, сабактан да балдарга биринчи кезекте ушул маселе менен иштөөнү көздөп, максат кыла баштадым. Тарбиялык саат катарында, сабак өтүп, сөгүнүү адаттарын биротоло жок кыла албасам да, азайтып, коомчулукка аз да болсо өз салымымды кошуу. Негедир бул адат, акыркы убакта кеңири жайылып бараткансыйт, вирус сыяктуу. Бала бирөө менен урушканда, ачуусу келип, ызаланып, акыры сөгүнүүгө мажбур болот, бул албетте моюнга алуу керек, чоң адамдарда да бар. Бала –баары бир бала, оозунан чыккан терс сөздөргө маани да бербейт, түшүнбөйт дагы. Бир чоң нерсе бүтүрүп жаткансып, эрдемсинишет тескерисинче. Сөгүнүү адаттарында ар түрдүү сөздөр айтылып кетет:"энең", аз келгенсип уят сөздөрдү да аралаштырып жиберишет. Бул өтө чоң катачылык жана тартипсиздик. Мен окуучуларыма суроо бердим:"Эне"-деген ким? Эне керек болсо , бизге жанын да аябай бере турган, эч бир нерсеге алмашкыс, теңдешсиз зат! Баарыңардын энелериңер бар, силер аларды жакшы көрөсүңөр, алар силерди жакшы көрөт, эгер энелерибизге жаман сөз айтсак алар капа болушат, ошондуктан "энеңди"-деп сөгүнбөй жакшы бир сөзгө алмашалы, бул өтө жаман сөз, десем: балдар чын дилден ынтызарланып, сөгүнбөйбүз антип дешип, таза, балалык баеоо сезимдери менен маанисин түшүнгөндөй болушту. "Бала, жазылбаган баракгай аппак, жүрөгү таза, ар бир айткан сөзүңдү түз жана туура кабыл алган назик, не бир сүйкүмдүү жан! Эжеке, биз эми урушсак да, сөгүнбөйбүз, сиз үйрөткөн жакшы сөздөрдү колдонобуз дешип, аз да болсо мага дем, күч беришип, чарчоомду жаза алышты. Жакшы сөз жан эргитет"-демекчи жан дүйнөнү жакшы сөз менен дарылап, балдардын келечеги биздин колубузда экендигине дагы бир жолу ынанып, биз мугалимдер түрткү болсок. Мектептеги бардык мугалимдер, ата-энелер, жалпы коомчулук биргеликте жигердүү аракеттенсе. Ата-эне демекчи, сөгүнүү адаты, үй бүлөөлүк шартка, тарбияга байланыштуу жана өтө чоң роль ойнойт. Эгерде үйдө ата сөгүнсө, албетте бала уядан эмнени көрсө, ошону кылат да, турган сөз. Айтпаса да түшүнүктүү, бирок өкүнүчтүү, албетте, бардык эле үй-бүлө деп айтуудан алысмын. Тарбиясы өтө күчтүү, үлгү ала турган үй бүлөлөр бар. Үйдө ата-эне балага: балам, сөгүнүү бул жаман адат, аягы жакшы нерсеге алып барбайт, ачууга алдырбай, сабырдуу бол, өзүнө ишенбеген адамдар сөгүнөт, өзүңө ишенсең сөгүнбө –деген тарбиялуу сөздөрүн айтып, талуу

жеринен кармаса. Кээ бир ата-эне бар, сен бир муштумдан каласыңбы?Ал бир урса сен эки ур, бир тепсе, сен эки теп-дешип, оюнда балдарын чоң бир мушкер кылып жаткансып. Ар бир нерсенин алдын алуу, көп жаман нерселерден сактайт, сөгүнүү менен эле чектелбей, кээде чоң трагедиялуу чууларды жаратуусу да абзел, болбойт деп эчким кепилдик бере албайт. Чын –чынына келгенде, кош көңүл жасап , кол шилтеп кете турган майда –чүйдө иш эмес, тескерисинче жапа тырмак , жалпыбыз көмөктөшүп, жамандыктын ташкынынан коргоо камылгасын бирге уюштурсак. Мен ушул терс адаттардан кантип арылуу жолдорун жазып жаткан учурума, коомчулукта катуу резонанс жараткан мектеп рэкетчилигинен, өлүмгө чейин жеткирген учурлар, биринин артынан бири, пайда болуп, ого бетер асманды кара булут каптап келе жаткан сыяктуу, бүткөн боюм дүркүрөп, коркунуч ээлеп, муздак тер каптап, жер аңтар-теңтер боло түшкөнсүдү! Мына ушул, сөгүнүүнүн аягы! Улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун:! Бир ишти бүтүргөн соң!”эми тынч, бейпил өмүр сүрөм го” деп ойлойсуң. А турмуш улам бир көйгөй ойлоп таап, тынчтык бербейт. -деген эң туура айткан сөзү бар, себеби, сөгүнүү адаттарына бөгөт коюу жолдорун издеп, аракет кылайын десем, рэкетчилик, зордук-зомбулук деген чуулгандуу окуялар басымдуулук кылып кетти. Коомчулук албетте бул –мамлекет. Мамлекетибиз биринчиден, сыналгыда берилип жаткан терс көрүнүштөгү берүүлөрдү жок кылып, анын ордуна тарбиялык мааниси терең берүүлөрдү бердирсе. Атышуу, урушуу, тебишүү сыяктуу каяктагы үрөй учурган кинолорду эмес, ата-эне, үй бүлө, мектеп, китеп окуу, спорттук оюндар тууралуу инсанга оң жакка багыт берүүчү жакшы телефильмдерди, көркөм фильмдерди жаратып, тартууласа. Терс сапаттагы берүүлөрдү көргөн бала, ошол фильмдеги каармандардай болгусу келет да, китеп эмес, автомат, пистолеттерди кармап, кыялдарын орундаткысы келип башка бир ааламга сүңгүп, сүзүп кирип кетет. Бул сапаттар балага адат болуп, боорукердик, ыймандуулук, бири-бирине болгон достук мамиле жоголуп, батыштын таш боор тарбиясына калкып, барат. Дагы бир орчундуу оркойгон маселе, телефон!Балдар телефондон пайдалуу жомок, мультфильмдерди , аудио китептерди укса, сабакка пайдалуу кошумча сабактарды көрсө, бирок, тилекке каршы андай эмес, арасында бар, аз эле санда. . . Телефондогу терс оюндарды, биздин менталитетке туура келбеген жат көрүнүштогү тиркемелерди биротоло жок кылып, жабып таштаса, интернет туташуусунан да алып таштоо керек!Мына ошентип дилимдеги баяным да соңуна келип жетти, эшикте аба ырайы да жүрөктөгү дилиме ортоктош болгонсуп, күн жылып, жаздын атыр жыттуу жыты башбагып, шыкаалайт, жүрөктө жаз, көңүлдө жаз!Не бир сонун керемет мезгил келе жатат ...